**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

___________________ № _________ Бишкек шаары

## Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде жана карамагындагы ведомстволордо коррупциянын тобокелдиги болгон учурлардын жана кырдаалдардын тизмесин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде жана карамагындагы ведомстволордо коррупциянын тобокелдигин алдын алуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өткөрүп берилген ченем жаратуу ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартиби жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-майындагы № 293 «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар тууралуу» токтомуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 8-апрелиндеги № 232 токтомуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде жана карамагындагы ведомстволордо коррупциянын тобокелдиги болгон учурлардын жана кырдаалдардын тизмеси (мындан ары - Тизме) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2024-жылдын 7-мартындагы № 13-43 «Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде коррупциялык тобокелдиктер бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмесин бекитүү тууралуу» буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.
3. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана карамагындагы ведомстволордун жетекчилери белгиленген тартипте:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- аныкталган коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу жана четтетүү боюнча тийиштүү чараларды көрүшсүн;

- кызматкерлердин арасында Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарын бузууга жол бербөө боюнча туруктуу негизде түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

4. Министрликтин пресс-катчысы ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде аны Министрликтин расмий сайтына мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыяласын.

5. Министрликтин укуктук камсыздоо бөлүмү белгиленген тартипте:

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз түрүндө жана электрондук алып жүрүүчүдө, жарыяланган булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине эки нускада жөнөтсүн;

- ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде анын көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтсүн.

6. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 7 (жети) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

7. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Об утверждении Перечня случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Министерстве энергетики Кыргызской Республики и его подведомственных подразделениях**

В целях минимизации риска возникновения коррупции в Министерстве энергетики Кыргызской Республики и его подведомственных подразделениях, в соответствии с Положением о порядке реализации делегированных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 3 марта 2023 года № 115, постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О некоторых мерах по реализации Закона Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе» от 31 мая 2023 года № 293, а также постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 8 апреля 2026 года № 232, **приказываю:**

1. Утвердить Перечень случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Министерстве энергетики Кыргызской

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Республики и его подведомственных подразделениях (далее – Перечень), согласно приложению.

2. Признать утратившим силу приказ Министерства энергетики Кыргызской Республики «Об утверждении Перечня случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Министерстве энергетики Кыргызской Республики» от 7 марта 2024 года № 13-43.

3. Руководителям структурных подразделений центрального аппарата и подведомственных подразделений Министерства в установленном порядке:

- принять соответствующие меры по минимизации и устранению выявленных коррупционных рисков;

- на постоянной основе проводить разъяснительную работу среди сотрудников по недопущению нарушений законодательства Кыргызской Республики в сфере противодействия коррупции.

4. Пресс-секретарю Министерства в течение трех рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа опубликовать его на государственном и официальном языках на официальном сайте Министерства.

5. Отделу правового обеспечения Министерства в установленном порядке:

- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копии настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальных языках, на бумажном и электронном носителе, с указанием источника опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

- в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить его копию в Администрацию Президента Кыргызской Республики.

6. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 7 (семи) дней со дня официального опубликования.

7. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**Министр** **А.Д. Рысбеков**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Рысбеков А.Д.